**К.ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН**

**КОЛЛЕДЖИ**

**Курманалиева Ч.А., Мусаева А.А.**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮ ИШТЕРИНИН ТЕМАЛАРЫ

**Педагогикалык колледждин башталгыч класстарда окутуу адистигинде сырттан окуган студенттер үчүн**

**Каракол, 2019**

УДК: 372.8
ББК: 74.261.4
Б 33

ЫМУнун Окуу-методикалык бирикмеси (26.02.2019 № 6 токтому), тарабынан басмага сунуш кылынды

Рецензент: ф.и.к., доц. Койлубаева А.К.

Түзүүчүлөр: Курманалиева Ч.А., Мусаева А.А.

Б 33 Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы.Текшерүү иштеринин темалары. Ысык-Көл мамлекеттик университети. -Каракол, 20 бет

ISBN 978-9967-474-39-0

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча текшерүү иштеринин темалары. ЫМУнун колледжинде башталгыч класстарда окутуу адистигинде билим алып жаткан студенттер үчүн.

Текшерүү иштин темалары К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл Мамлекеттик университетинин колледжинин жана университеттин окуу-методикалык кеңешмесинде талкууланып, басууга сунуш кылынды

Б 4306010200-19
ISBN 978-9967-474-39-0
УДК: 372.8
ББК: 74.261.4
© Курманалиева Ч.А., Мусаева А.А., 2019.
@ ЫМУ, 2019.

# КИРИШҮҮ

Кыргыз тилин башталгыч класстарда окутуу эң маанилүү иш болуп саналат. Анткени ал кенже класстардагы сабактардын ичинен эң негизгиси болуу менен бирге, башка сабактарды окутуу ишинде, окуучулардын оозеки жана жазуу кептерин байытууда, грамматикалык сабаттуулугун калыптандырууда, логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүдө жана тарбиялык багыттар боюнча иш алып барууда негизги ролду ээлейт. Тилчи-окумуштуу К.Сартбаев белгилегендей “Окуучунун жалпы сабаттуу болуп чыгышынын өзү да эне тили сабагы менен тыгыз байланыштуу”. Башталгыч класстардын окуучулары кыргыз тили сабактарында эне тилибиздин грамматикалык түзүлүшү менен таанышышып, кебин жана ой жүгүртүүсүн калыптандырышат, адабий тилдин нормасында туура сүйлөөнү жана орфографиялык эрежелерге ылайык сабаттуу жазууну үйрөнүшөт. Ал эми грамматикалык материалдарды окутуу да өзгөчө көңүл окуучулардын кептик жана ой жүгүртүүчүлүк чыгармачылык компетенцияларын калыптандырууга бурулат.

Эне тилин окутууда башталгыч класстын мугалими окутууну талапка жооп берерлик деңгээлде ишке ашыруу үчүн анын 2 негизин: педагогикалык-психологиялык жана лингвистикалык негиздерин жетекчиликке алуу менен иш алып барууга тийиш. Башталгыч класстарда окутуунун негизги максаты окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган. Бул иш-аракетти жүзөгө ашыруу үчүн психологиялык жактан кабыл алуу, эске тутуу, ой жүгүртүү бирдиктери аркылуу анализ, синтез, индукция, дедукция, салыштыруу сыяктуу ыкмалар менен тилдик материалдарды үйрөнүшүп, кабыл алышат. Мына ушул жагынан алып караганда кыргыз тилин окутуунун методикасы психология илими менен тыгыз байланышта экендиги анык. Мына ушуларды эске алуу менен:

**1. Башталгыч класстарда окуучуларга билимдердин негиздерин даяр түрүндө бербестен, алардын өздөрүн сабакка активдүү катыштыруу, окуучулардын ой жүгүртүүсүн калыптандыруу, өз алдынча иштөөгө машыктыруу зарыл**. Бул маселелер көптөгөн окумуштуу-методисттер тарабынан изилденип,

иштелип чыкты. Алардын катарына В.Занковду, Ш.Амонашвилини, С.Лысенкованы, ж.б. окумуштууларды киргизүүгө болот. Бул окумуштуулар мектепте окутуу процессинде проблемалуулукту колдонуу, проблемалык кырдаал түзүү сыяктуу маселелерге кайрылып, анын окуучулардын билим деңгээлин эске алуу менен алардын билимге болгон умтулуусун күчөтүү, ой жүгүртүүчү тапшырмаларды берүү аркылуу өз алдынча иштөөсүнө жетишүүсүнө багыт бererин белгилеген. Башталгыч класстын окуучуларынын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу жана сабакты кызыктуу жана жандуу өтүү үчүн мугалимдер окумуштуулардын ушул сыяктуу изилдөөлөрүн жетекчиликке алуулары зарыл.

**2. Ал эми сабактын талапка жооп берерлик деңгээлде болушу мугалимдин билим деңгээлине,** педагогикалык чеберчилигине, пайдаланган окуу куралдарынын мазмунуна, кандай методдорду, ыкмаларды пайдаланганына байланыштуу болбостон, сабактагы психологиялык шарттарга да байланыштуу болору жогоруда белгиленди бул шарттар 2 нерсе менен: 1-ден, сабактын мугалим тарабынан уюштурулушу жана 2-ден, окуучулардын сабакка болгон мамилеси менен ишке ашырылары белгилүү.

3. **Педагогикалык жана дидактикалык жактан:** тажрыйбалуу, чыгармачыл мугалимдин болушу, окутуунун талапка ылайык деңгээлде уюштурулушу, окуу куралдарынын талапка ылайык болушу, окуучу менен мугалимдин ортосундагы жылуу мамиле, кызматташтык, окутулуучу материалдардын илимдин жаңылыктары менен коштолуп турушу, жөнөкөйдөн татаалга, белгилүүдөн белгисизге, жеңилден оорго карай өтүлүшү, көрсөтмөлүүлүктүн болушу, окутуунун ыкмаларын окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тандап алуу керек экендиги аныкталган.

**4. Сабак лингвистикалык жактан сабаттуу болуусу керек.**

Башталгыч класстарда окутуунун мамлекеттик стандартына жана окуу программаларына ылайык окуучулар кыргыз тили боюнча теориялык билимдердин негиздерине ээ болууга, алган билимдерин практикада кеңири пайдалана билүүгө үйрөнүүлөрү

зарыл. Окуучуларга терең билим берүүдө теория жана методика бири-бири менен айкалышып, бири-бирин толуктап жана тактап турат. Окуу куралдарын, илимий-методикалык колдонмолорду, дидактикалык материалдарды, окуу китептерин түзүүдө, иштеп чыгууда. илимдин теориясына кайрылбай коюуга мүмкүн эмес. Мына ошондуктан башталгыч класста текстке байланыштуу кыргыз тилин окутуунун методикасын иштеп чыгууда текст жана анын түзүлүшүнө, маанисине, табиятына токтолууну ылайык көрдүк. Бул теориялык маалыматтарды башталгыч класстардын мугалимдери жеткиликтүү, терең өздөштүрүп билгенде гана эне тилин жеткиликтүү үйрөтө алары айдан-ачык. Тил жана кеп аркылуу адамдар бири-бири менен байланышып, өз оюн жана пикирин билдире алышат. Биздин кебибиз сүйлөмдөрдөн, ал эми сүйлөм сөздөрдөн түзүлөт. Тексттеги сүйлөмдөр биринин маанисин экинчиси улантып турат жана жыйынтыктуу бир мазмунду билдирет.

Текшерүү иштери 050709 Башталгыч класстарда окутуу адистигинин сырттан окуу бөлүмүндөгү студенттерине арналат. Бул жыйнакта башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча текшерүү иштеринин темалары, айрым методикалык көрсөтмөлөр, сабактын үлгүлөрү, колдонулган адабияттын тизмеси берилген.

**Текшерүү ишинин темалары негизинен төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат:**

1. Сабатка үйрөтүүнүн методикасы.
2. Окуунун методикасы.
3. Грамматика жана туура жазуунун методикасы.
4. Оозеки жана жазуу кебин өстүрүүнүн методикасы.
5. Кыргыз тили сабагынын болжолдуу үлгүлөрү.

**Текшерүү ишин аткарууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:**

* Тандап алган тема боюнча материалды толук өздөштүрүү;

* Тандалган материалды өз алдынча иштеп чыгуу;

* Текшерүү ишинде орфографиялык. пунктуациялык каталарга жол бербөө;

* Текшерүү ишинин сыртында сырттан окуган студенттин факультети, курсу, тандап алган темасы, фамилиясы, аты-жөнү толук көрсөтүлүүгө тийиш;

* Текшерүү  ишин сырттан окуган студент сессия учурунда эмес, ага чейин жазып бүтүрүүсү керек;

* Текшерүү ишинин аягында  тандап алган темасы боюнча бир сабактын үлгүсүн, колдонгон адабияттардын тизмесин берет;

**Сабатка үйрөтүүнүн методикасы.**

Сабатка үйрөтүү боюнча төмөнкү темалардан студент бирөөнү тандап алып, текшерүү иши катары иштей алат.

**1. Сабатка үйрөтүүнүн мааниси.** Кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүктөрү. Сабатка үйрөтүүдөгү методдорго тарыхый мүнөздөмө берүү. Тамга, муун, тыбыш бүтүн сөз методу. Анализ-синтез методу боюнча үйрөтүүнүн системасы.

**2. Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү**. Башталгыч класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрү. Аларды сабатка үйрөтүүнүн жолдору. Сабатка үйрөтүүдө коюлуучу талаптар.

**3. Алиппе мезгили**. Алиппе мезгилинин биринчи, экинчи, үчүнчү баскычтары, алиппеден кийинки мезгил.

Ар бир баскычтын милдети.

Алиппе мезгилинин баскычтарында материалды өздөштүрүүнүн жолдору.

Ар бир этаптын методикалык өзгөчөлүктөрү.

**4.Тыбыш, тамганы тааныштыруунун ыкмалары.** Оозеки көнүгүүлөрдү жүргүзүү. Кесме тамгалар менен иштөө. Алиппе боюнча сөздөрдү жана тексттерди окутуунун ыкмалары.

**5. Алиппе мезгилинде жазууга үйрөтүү милдети.** Жазууга үйрөтүүнүн жолдору. Алиппе мезгилинде өткөрүүчү окуу, жазуу сабактары. Алиппеден кийинки мезгилде окуучуларды окууга машыктыруу жумуштарынын мүнөзү жана өзгөчөлүгү. Сөз өстүрүү жумуштарынын мааниси. Окуучулардын сабаттуулукка ээ болуусунда грамматикадан. Орфографиядан бериле турган билимдердин көлөмү.

**6.Мектептерде колдонулуп жүргөн алиппе китебинин түзүлүшү**.
Алиппе окуу комплекси, жандооч китепчелер. Сабаттуулукка үйрөтүүдө көрсөтмө куралдардан пайдалануунун жолдору.

**7. Түшүндүрүп окууну жүргүзүү**. Түшүндүрүп окуунун тарбиялык мааниси, максаты. Түшүндүрүп окуунун милдети. Окуунун түрлөрү (туура, сезимдүү, үн кубултуп, шар окуу) жана алардын бири-бири менен болгон байланыштары. Башталгыч класстарда окуучулардын окууга машыгуусунун өсүш баскычтары. Окуучулардын китеп окуу боюнча абалынын учету.

**8. Окуу иштерин жүргүзүү**. Окууга машыктыруу боюнча программалык талаптар. Окуу сабагында колдонулуучу ангеме, жомок, тамсил. ыр турүндөгү чыгарма. табышмак ж.б. түрлөрү. Окуунун методикасы жана тексттерди талдоо ишинин материалдардын өзгөчөлүктөрүнө жараша болушу. Окуу сабагынын экскурссия, байкоо жана предметтик сабактар менен болгон байланышы.

**9. Көркөм чыгармаларды окутуунун методикалык жоболору, окуунун методикасы жана чыгарманы талдоо.** Көркөм чыгарманын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө байланыштуу болушу. Көркөм чыгармаларды окутуудагы көрсөтмөлүүлүктүн түрлөрү.

**10. Окуу сабагында сөздүк жумуштарын жүргүзүү.** Көркөм чыгармалар боюнча түзүлүүчү пландын түрлөрү жана анын ар бир класска карата түзүлүшү. Окуганын айтып берүү. Көркөм чыгармаларды окууга байланыштуу окуучулардын өз алдынча окуу жумуштарынын түрлөрү. Класстар боюнча үйгө берилүүчү тапшырмалардын мааниси, мазмуну (тамсил, аңгеме, ыр түрүндөгү чыгармаларды, макал, табышмак) ар бир класска ылайык берилиши. Ыр жаттап алуунун мааниси. Жаттоо үчүн программадагы материалдардын көлөмү.

**11. Класстан тышкаркы окуу.** Класстан тышкаркы окуунун тарбиялык, билим берүү мааниси. Башталгыч мектептин окуучулары үчүн класстан тышкаркы окуунун материалдарын

тандоо жолдору. Класстан тышкаркы окууну өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү. Класстан тышкаркы окууну учетко алуу.

**12. Грамматиканы окутуу.** Башталгыч класстарда грамматикалык материалдардын класстар боюнча бөлүнүп берилиши, системасы. алардын көлөмү, мазмуну жана милдети. Окуучуларга грамматикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу жолдору. Грамматикалык материалдарды окутууга коюлуучу негизги талаптар.

**13. Грамматикага үйрөтүүгө байланыштуу окуучулардын сөзүн өстүрүү.** Грамматиканы окутууда окуучулардын кебин, логикалык оюн өстүрүүдөгү мааниси. Байланыштуу кеп жана сүйлөм үстүндө иштөөнүн ыктары. Жазуунун графикалык жактарын программалык талапка ыклайык иш жүзүнө туура ашыруу максатында ар бир жазуу сабагында, грамматикалык көнүүгүлөрдү иштетүүнүн жолдору.

**14. Грамматиканын орфографиялык иштер менен болгон байланышы.** өтүлүп жаткан грамматикалык материалдардын мүнөзүнө карата көнүгүүлөрдү тандоо. Грамматикалык талдоо. Анын түрлөрү. Жазуу, оозеки жүзүндө грамматикалык көнүгүүлөрдү иштетүү. Окучулардын жоопторуна коюла турган негизги талаптар жана баа коюунун нормалары. Грамматикалык кайталоо үчүн алынган материалдарга коюла турган талаптар.

**15. Туура жазуунун эрежелерин окутуу.** Кыргыз орфографиясынын өзгөчөлүктөрү. Орфографиялык эрежелердин өздөштүрүшүнө байланыштуу угуу, көрүү органдарынын ролу. Башталгыч мектептерде орфографиянын көлөмү. 1-4-класстарда сабаттуу жазууга машыгуунун негизги этаптары. Ар бир класста орфографиялык машыгууга жетишүүдө кезигүүчү кыйынчылыктар. Орфографиялык эрежени өздөштүрүүдө грамматикалык билимдин мааниси.

**16. Жазуу жүзүндөгү орфографиялык иштердин түрлөрү**.Жат жазуунун түрлөрү.Окуучулардын кебинин өсүшү менен орфографиялык көнүгүүлөрдү жүргүзүүдөгү чыгармачылык жумуштар.Орфография менен сөздүк жумуштун байланышы.

**17. Башталгыч класстын программасында кээ бир**

**пунктуациялык белгилердин берилиши**. Башталгыч класстарда пунктуацияны үйрөтүүнүн жолдору. Жазуу эрежелерин үйрөтүүдө көрсөтмөлүүлүктүн ролу. Орфография боюнча колдонулуучу көргөзмө куралдардын түрлөрү. Башталгыч класстын окуучуларынын жиберген орфографиялык каталарынын негизги типтери. Каталарды алдын ала эскертүүнүн жолдору. Каталардын үстүндө иштөөнүн жолдору.

**18. Окуучулардын орфографиялык жагынан сабатуулугун учетко алуу жана текшерүүнүн жолдору**. Ар бир класска жараша контролдук диктанттардын текстине коюла турган талаптар.

Туура жазууга үйрөтүүдө окуучуларга коюла турган талаптар.

Айрым окуучуларды сабаттуу жазууга үйрөтүүдөгү жетишпегендиктердин себептери. Жетишпеген окуучулар менен иштөөнүн жолдору. Кыргыз тили боюнча башталгыч класстарда дептерлерди текшерүүнүн ыктары. Мектептеги орфографиялык режим.

**19. Таза жазууга үйрөтүү.** Окуучулардын каллиграфиялык жактан туура жазууга үйрөтүүнүн мааниси, жаңыдан жаза баштаган баланын психологиялык өзгөчөлүгү. Сабат ачуу мезгилинде жазууга үйрөтүү.Окуу китептериндеги темалардын материалдарына обзор берүү. Окутуудагы көрсөтмөлүүлүккө көңүл буруу. Окуу китептериндеги темалардын материлдарына обзор буруу. Окуу китептериндеги негизги бөлүмдөрдү, темаларды сааттарга бөлүнүш тартиби менен тааныштыруу.

**20.Окуучулардын оозеки жана жазуу кептерин өстүрүүнүн жолдору**. Мектепке окууга келген баланын кебинин өзгөчөлүктөрүн байкоо. Башталгыч класстарда окуучулардын кебинин өстүрүүнүн негизги этаптары. 1-4-класстарда окуучулардын сөзүн өстүрүүгө карата программалык талаптар жана көрсөтмөлөр. Окуучулардын оозеки жана жазуу кептеринин психологиялык жактан болгон өзөчөлүктөрү жана алардын байланышы.

**21. Окуучулардын кебинин маданияттуулугунун негиздери**.

Окуучулардын кебин өстүрүүчү көнүгүүлөрдүн системалуу жүргүзүлүшү, мугалимдин кебинин маданияты, көркөм адабий

китептерди окуу.сөздүк жумуштарды ырааттуу жүргүзүү сыяктуу иштердин мааниси. Башталгыч класстарда сөздүк жумуштарын жүргүзүүнүн алган орду, мааниси, максаты. Мектепке жаңыдан келген баланын сөз байлыгы. Окуучунун айланага болгон түшүнүгү,таанып билүүсү, алардын сөз байлыгынын байышы.

**22. Оозеки, жазуу жумуштарынын мааниси**. Оозеки жана жазуу түрүндөгү изложение, сочинение, аңгемелерге, экскурсияга, байкалоорго ылайык сөздүк жумуштарын жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү. Мектеп окуучуларынын сөзүн өстүрүүгө ылайык логикалык көнүгүүлөрдү жүргүүзүнүн системасы. Эне тил сабагын окутууда логикалык көнүгүүлөрдү алган орду жана анын грамматика, сөздүк жумуштар менен болгон байланыштуулугу. Окуучунун кебиндеги тактыктын, маданияттуулуктун алган орду жана ага үйрөтүү мүнөзүндөгү көнүгүүлөрдүн түрлөрү.

**23. Сүйлөмдүн үстүндө иш алып баруу**. Сүйлөмдүн үстүндө иш алып баруунун мааниси, милдеттери. 1-4-класстарда эне тилдин грамматикасын практикалык мүнөздө үйрөтүү.Башталгыч класстарда сүйлөмдү туура түзө билүүгө карата болгон көнүгүүлөрдүн түрлөрү.

**24.Окуучулардын байланыштуу кебинин маданияттуулугу.** Мугалимдин кебинин маданияты, образдуулугу. Окуучулар кеп маданиятын өстүрүүдө көркөм чыгармалардан окуунун мааниси. Ар түрдүү сабактарда балдардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн жолдору. Ар бир класста ылайыктуу окуучулардын сөзүн өстүрүүгө карата болгон жазуу жумуштарынын түрлөрү. Окуучулар чыгармачылык мүнөздөгү изложение, сочинение жазуу жана сүйлөм түзүүдө көрүүлүчү даярдык жумуштардын өзгөчөлүктөрү.

**25. Баяндама жаздыруунун мааниси**. Баяндама жаздырыла турган тексттер, башталгыч класстарда өткөрүүлүчү баяндаманын түрлөрү жана ага коюлуучу талаптар.Суроо боюнча,текст боюнча, тема боюнча изложение жаздыруунун жолдору. Баяндамалардын тексттеринин көлөмү. Баяндамалардын негизги түрлөрү текстти толук берүүчү баяндама, текстти кыска берүүчү баяндама, формасы өзгөртүлгөн текст боюнча баяндама) баяндама сабагынын планын түзө билүү.Текстти окутуунун тартиби. Тексттин мазмуну

боюнча аңгеме жүргүзүү.Тексттеги түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүрүү. Баяндама жазууга карата орфографиялык даярдыктарды көрүү.Тексттин мазмунун оозеки баяндатуу жана окуу. Баяндаманын текстин жаздыруу.Окуучулардын жазган баяндамаларын өздөрү текшере билиши. Баяндама жазууда ката жибербөөгө карата алдын ала эскертүү жумуштары.

**26. Дилбаян жаздыруу.** Окуучуларга дилбаяндын тематикасы өзүнүн жекече байкоосу, экскурссияда көргөндөрү, окуучулардын иштеген иштери боюнча дилбаян жаздыруу. Сүрөт боюнча дилбаян түзүү. Окуган материалдарынын негизинде сочинение жазуу. Дилбаянды тирек сөздөрдүн негизинде жазуу. Башталышы боюнча дилбаян түзүү. Окуучулардын дилбаянына коюлуучу негизги талаптар. 1-4-класстарда жаздырыла турган дилбаяндардын системасы. Окуучулардын дилбаяндарында жиберген типтүү каталарды, оңдоонун жолдору. Ар бир класстарга ылайык окуучулардын жазган дилбаяндарына баа коюунун нормалары. Дилбаянды класста талдоонун методикасы. Окуучулардын жазуу жүзүндө өткөрүлүүчү жумуштарынын ичинде дилбаяндын ээлеген орду. Аларды туура пландаштыруу менен системалуу өткөрүүнүн зарылдыгы. Башталгыч класстарда иш кагаздарынын түрлөрү жана аны жаза билүүгө окуучуларды үйрөтүүнүн жолдору.

**27. Фонетикалык материалдарды окутуу.** Тыбыш жана тамга. Жумшак жана каткалаң үнсүздөр. Созулма үндүүлөр. Йоттошкон тамгаларды окутуу.

**28. Морфологиялык материалды окутуу.** Сөздүн составын окутуу. Сөздүн уңгусун окутуу. Уңгулаш сөздөр жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу. Сөздүн мүчөсүн окутуу. Жөнөкөй жана татаал сөздөр.

**29. Зат атоочту окутуу**. Жалпы жана энчилүү зат атоочторду окутуу. Зат атоочтордун жөндөлүшү. Зат атоочтун таандык болуп айтылышы. Зат атоочту окутууга байланыштуу окуучулардын сөзүн өстүрүү.

**30.Сын атоочту окутуу.** Сын атоочту окутуу боюнча окуу программасындагы сааттардын берилиши. Сын атоочтун зат атоочтон айырмасы. Сын атоочтун бөтөнчөлүгү.

**31.Сан атоочту окутуу**. Сан атоочтун белгилери. Сан атоочтун маанисине карай бөлүнүшү. Башталгыч класстардын окуу программасында сан атоочту окутууга бөлүнгөн саattардын берилиши.

**32. Ат атоочту окутуу.** Ат атоочтук материалдардын башталгыч класстарда окутулушу. Ат атоочтун жакталышы. Ат атоочтун оозеки, жазуу кептерде колдонулушу.

**33. Этишти окутуу.** Этишти окутуудагы сөз өстүрүү жумуштары. Этиштин чактарга бөлүнүшүн окутуу. Этиштин жакталышын окутуу. Башталгыч класстардын окуу программасында этишти окутууга бөлүнгөн саattардын берилиши.

**34. Тактоочту окутуу**. Тактооч жөнүндө кыскача түшүнүк берүү. Орун тактоочту окутуу. Мезгил тактоочту окутуу. Башталгыч класстардын окуу программасында тактоочту окутууга бөлүнгөн саattардын берилиши.

**35. Башталгыч класстарда кыргыз тили окуу методикасынын предмети катарында окутулушу**. Кыргыз тилин башталгыч класстарда окутууда алган орду жана милдеттери. Кыргыз тили боюнча башталгыч класстардын программасы.

**36. Кыргыз тилинии окутуу методикасынын башка илимдер менен байланышы**. Кыргыз тилин окутуу методикасынын психология, педагогика жана дидактика менен болгон байланышы. Алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбасын кыргыз тилин окутуу методикасында колдонулушу.

**37. Сабатка үйрөтүүдө алиппе китебин орду. Алиппе китебине талдоо жүргүзүү**. Сабатка үйрөтүү боюнча колдонулган методдорду талдоо. Сабактардын план-конспектилерин түзүүгө үйрөтүү.

Сабаттуулукка үйрөтүүнүн этаптары боюнча (алиппеге чейинки мезгил, алиппе мезгили, алиппеден кийинки мезгил) түзүлгөн пландарын талкуулоо. Мектеп практикасын өткөрүүнүн материалдарын талкуулоо.

**38. Класста жана класстан тышкаркы окууну жүргүзүү**. Башталгыч класстардын эне тили китептерине жана программаларына талдоо жүргүзүү. Класстан тышкаркы окууну

системалуу жүргүзүүнүн планын түзүү. Окуу сабагынын айрым маанилүү маселелерине карата студенттердин арасында талкуулоолорду өткөрүү.

**39.Оозеки жана жазуу кепти өстүрүү.** Изложение жаздыруу үчүн материалдарды тандоо. Сүрөт боюнча сочинение жана окуганы боюнча изложение, сочинениелерин түзө билүүгө үйрөтүү. Чейректерге ылайыктуу кылып изложение, сочинениелерди белгилүү бир класска ылайыктап пландаштырууга үйрөтүү.

**40.Таза жазууга үйрөтүүнүн жолдору.** Жазууга карата даярдыктар жүргүзүү, башталгыч класстардын жазуу дептерлерине тамгалардын элементтерин, тамгаларды кошуп жазуу, сөз, сүйлөм жаздыруунун үлгүлөрү менен, кичине жана баш тамгалардын топтору менен тааныштыруу.

## КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУ МЕТОДИКАСЫ БОЮНЧА СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Активные формы и методы обучения /Составитель: проф. Э.Мамбетакунов. -Б., 2007.

2. Айдарбекова А., Сартбаев К. Үчүнчү класста кыргыз тилин окутуу. - Фрунзе: Мектеп, 1974.

3. Арабай уулу Э. Жазуу жолунда саамалык. -Москва: СССР калктарынын борбордук басмаканасы, 1925.

4. Асанакунов Т., Усеналиев С. Кыргыз тилин окутуунун методикасынын программасы. - Б., 2007.

5. Аширбаев Т. Орфографиялык эрежелер: Туура жазуу жана адабий оңдоо боюнча практикалык колдонмо. - Ош, 2005.

6. Баженова И. Н. Педагогикалык изденүү. - Фрунзе: Мектеп, 1989.

7. Башталгыч класстардын программалары. - Б., 1996.

8. Бектенов З., Өмүралиев Т. 4-класстын “Эне тили” окуу китеби боюнча методикалык колдонмо. Мугалимдер үчүн. - Ф.,

1989.
9. Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. - Фрунзе, 1978.
10. Давлетов С. Байланыштуу речь. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. - Б., 1999.
11. Дүйшеев Ж. Мектепте көркөм окуунун методикасы. - Фрунзе: Мектеп. 1988.
12. Жогорку кесиптик толук билим берүүнүн убактылуу мамлекеттик стандарты: Адистик: 540605 Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы: - Б., 2003.
13. Исаков Б. Сабат санжырасы: орто мектептин мугалимдери үчүн. - Б.: Мектеп. 1993.
14. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы. - Б., 2003.
15. Кондучалова С., А.Осмонкулов. үчүнчү класста эне тилин окутуу. - Фрунзе: Мектеп. 1988.
16. Лингвистикалык жана методикалык терминдердин кыскача сөздүгү- справочниги. - Б., 1993.
17. Мамлекеттик тилди окутуунун актуалдуу маселелери: Конференциянын материалдары. - Б., 2007.
18. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери, -Б., 2002.
19.Осмонкулов А, Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин окутуунун тарыхы, - Б.: Мектеп. 1990.
20.Осмонкулов А, Мектептерде фонетиканы окутуунун методикасы. -Ф., 1984.
21. Өмүралиев Б. Кыргыз тилинин пунктуациясын окутуу. -Ф., 1970.
22. Рысбаев С.К. Улуттук мазмундагы эне тили окуу китептерин түзүүнүн проблемалары. -Б., 2007.
23. Рысбаев С.К. Алиппе. Орто мектептердин 1-классы үчун окуу китеби. –Б., 2008.
24.Рысбаев С. К. 1-класста окуучулардын сабатын ачуунун, сөзүн өстүрүүнүн жана рухий тарбия берүүнүн маселелери. -Б., 2000.
25. Токтомамбетов А.Д. Кыргыз башталгыч класстары үчүн адабий окуу китептеринин дидактикалык негиздери: Пед. илим.

дис. Автореф.: 13.00.01. - Б., 1996.

26. Турсунов А. Кыргыз тилинин тыныш белгилери. - Б.: КТМУ, 2002.

27. С. Турсунов, Э. Бердибаев . Эне тили жана кыргыз тили окуу китептерине методикалык көрсөтмөлөр (2-класс). - Б.: Мектеп, 1996.

28. Үсөналиев С. Мектепте кыргыз тилин инновациялык (жаңылануу) процессинин негизинде окутуу. - Б., 2006.

29. Чокошева Б. С. Башталгыч класстарда сын атооч сөз түркүмүн окутуунун методикасы: Пед.илим.канд.дис. автореф.: 13.00.02. - Б., 2006.

30. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: Сабактын теориясы жана практикасы. -Б., 2007.

31. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. -Бишкек, 2009.

32. Шаелдаева Б. Үмөталиева 4-кл.

## КЫРГЫЗ ТИЛИ БОЮНЧА ИШТЕЛИП ЧЫККАН САБАКТЫН ПЛАНЫНЫН БОЛЖОЛДУУ ҮЛГҮЛӨРҮ

Өтүү мөөнөтү: Октябрь, 3-жума.

Колдонулган ыкма: Топ менен иштөө.

Программанын бөлүмү: Алиппе мезгили: сабат ачуу

Сабактын фрагментинин темасы: К тамгасын жазуу жана боео.

Максаты: Окуучулар: К(и) К(ы) тыбыштарынын тыбыштык жана сүй лөө органдарынын катышына карай (артикуляциялык) өзгөчөлүктөрүн айырмалаганга үйрнүшөт, (Б.,К.) К тамгасынын элементин жазуу аркылуу биргелешип иштөөгө көнүгүшөт

Убактысы: 25 мин.

Жабдылышы: Окуу куралдары: боемо дептери, жазуу дептери, скотч. Алиппе китеби ар бир окуучуда болуш керек. 8 К(и), 7 Г(и), 8 К(ы), 7 Г(ы) тыбыштары жазылган 30 карточканын набору, скотч.

Аткарылышы:

1. К тамгасынын элементтерине карата белгиленген жазуу дептериндеги точкаларды бириктиришет. Ал элементке окшоштуруп, өз алдынча жазышат.

2. К(ы), К(и), Г(ы), Г(и) тамгасынын тыбыштык өзгөчөлүгү жазылган карточканы окуучулардын аркасына жабыштырышат. (1-тиркеме). Сүйлөшпөй бири-бирине жардамдашуу аркылуу 4 топко бөлүнүшөт (эгерде бул тамгаларды билбесе окшош белги катары айырмалап, топко бөлүнүшөт).

1. Топтор өз ара Алиппе китебиндеги 33-40- беттердеги сүрөттөрдү карап, алардын аталыштарын үн чыгарып айтуу менен айырмалап, 1- 2- топ К(ы)т ыбышына, 3- 4- топтор К(и) тыбыштарына бөлүнүшөт. Эмне үчүн мындай бөлүнгөндүгүнүн тууралыгын сүрөттөрдү үн чыгарып атап, тыбыштык өзгөчөлүгүн тилдин кыймылына карата айырмалап, бөлүп (сүйлөө органдарына) топтор өз ара бири-бирине далилдешет.

2. Жүргүзгөн байкоолорун топтор, жалпы класска презентациялашат.

Жыйынтыгында: биргелешип, жардамдашып иштөөгө көнүгүшөт. К тамгасынын тыбыштык өзгөчөлүгүн айырмалоого, анын сөздөрдө алган ордун, жазылышындагы окшоштугун билишет.

Кайталоо үчүн суроолор:

1.Эч ким жардамдашпаса топ түзүлөт беле? Эмне үчүн?

2.Сүрөттүн К(ы), К(и) тыбыштары катышкан сөздөрдү бөлүп

айтканда тилдин кыймылынын кандай айырмачылык, өзгөчөлүктөрүн байкадыңар?

3. Кайсы учур силерге абдан жакты?

4. Бул иш аракеттен эмнеге үйрөндүңөр?

Улантуу: Боөмо дептеринен К тамгасы катышкан сөздөрдү боөп келишсе болот.

Варианты: 1) Процедуранын экинчи кадамындагы К(ы) К(и) тыбыштарын айырмалап атап айтуу менен экиге бөлүнүп, 2 топ өз ич ара ал тыбыштардын сөздүн башында, ортосунда, аягында келишине карата 3 топко ( бардыгы 6 топ) бөлүнүшсө да болот.

Тиркеме №1

| | |
|---|---|
| №1<br><br>**К(ы)** | №2<br><br>**К(и)** |
| №2<br><br>**Г(ы)** | №4<br><br>**Г(и)** |

Сабактын темасы: К. г. ж. ө. ү. ң тыбыштары.

Сабактын максаты:

а) билим берүүчүлүк: Окуучуларга к, г, ж, е, ү, ң тыбыштары, алардын айтылыштары (жасылыштары) жөүндө түшүнүк берүү.

б) өнүктүрүүчүлүк: окуучулардын логикалык ойлоосун өстүрүү менен к, г, ж, ө, ү, ң тыбыштары катышкан сөздөрдү туура окууга, жазууга машыктыруу. өз оюн эркин айтууга көндүрүү.

в) тарбиялоочулук: окуучуларды жаратылышты сүйүүгө, эмгекке, достукка жана эне тилин сүйүүгө тарбиялоо.

Сабактын тиби: жаңы билимди берүү сабагы.

Сабактын методу: айтып берүүчүлүк, иллюстративдүү жана проблемалуу метод.

Сабактын жабдылышы: түстүү сүрөттөр, дидактикалык карточкалар, буклеттер, кызыктуу оюндардын үлгүлөрү жана окуу китеби.

Сабактын жүрүшү: а) уюштуруу. б) өткөн теманы кайталоо, үйгө тапшырманы текшерүү.

1. Жай сүйлөм деп эмнени айтабыз? Аягына кандай белги коюлат?

2. Жай сүйлөмгө мисал келтиргиле.

3. Суроолуу сүйлөм деген эмне?

4. Суроолуу сүйлөмгө мисал келтиргиле.

Жаңы тема: Балдар, биз силер менен өткөн сабакта сүйлөмдүн түрлөрү жөнүндө, тагыраак айтканда, жай, суроолуу сүйлөмдөр, аларга коюлуучу тыныш белгилер жөнүндө түшүнүк алганбыз. Демек, биз жай сүйлөм ойду жайынча баяндаарын, аягына чекит белгиси коюуларын, суроолуу сүйлөм суроо иретинде айтылып. аягына суроо белгиси коюуларын үйрөндүк. Бүгүнкү жаңы сабагыбыз к, г, ж, ө, ү, ң тыбыштары деп аталат (мугалим да окуучулар да теманы жана числону жазышат).

Кана, балдар, эсибизге түшүрүп көрөлүчү, ким айтат?

Тыбыш деген эмне? (окуучу билгенин айтат). Туура айтасыңар тыбыш деп кулагыбызга угулган айрым-айрым үндөр Мисалы *: мен к, г*, ж, ө, ү, ң деп айтсам, силер ар кандай үндөрду уктунар. Демек, булар тыбыш .Кана, *эми* өзү*нөр* айтып көргүлөчү (*к, г*, ж, ө, ү, ң, деп айтышат).

Демек, балдар тыбышты айтабыз жана угабыз. Ал эми ошол тыбыштарды жазуу үчүн колдонулган белгини тамга дейбиз. Мисалы: к, г, ж, ө, ү, ң тыбыштары деп аталат. (мугалим доскага жазат). Кандай тамга жазылганын окуучулар хор менен окушат.

Демек, тамганы жазабыз жана көрөбүз. Окуу китебиндеги (6-бет) сүрөттүн негизинде (сүрөт доскага чоңойтулуп, тартылып илинет) суроолорго жооп берип, чакан текст түзүлөт.

1. Сүрөттө эмне тартылган?

2. Бул кимдин уйу?

3. Жылкылар кана?

4. Бээни ким саап жатат?

5. Тоо кана, ал кандай? ж.б.

Окуучулардын берген жоопторунун негизинде мугалим доскага чакан текст жазат.

Жайлоо кооз. Кызыл, ак, сары, көк гүлдөр өсөт. Бийик тоолор көп. Тоолордо кар жатат. Чоң атам жылкы багат. Чоң апам бээ саайт ж.б.

Текстте к, г, ж,ө,ү,ң тыбыштарынын астын чийип, алардын айтылышына көңүл буруп, ар бир сүйлөмдү окуп беришет.

Окуучуларга дидактикалык карточкалар таратылат (3-4 окуучуга). Карточкадагы суроолор окуучулардын билимине жараша берилет.

**№ 1 карточка**

Тыбыш деген эмне?

Тамга деген эмне?

Кыргыз тилинде канча тыбыш бар.

**№ 2 карточка**

К, г тыбыштарын катыштырып, сөздөрдөн тап.

**№ 3 карточка**

Ж, тыбышын катыштырып мисал келтир (сүйлөм түз) ж. 6. карточкалар.

Калган окуучулар менен мугалим төмөндөгүдөй тапшырмалар аткарат:

**1. Класстагы окуучулардын аттарынын кайсынысында** к, г, ж, ө, ү, ң тыбыштары катышат (окуучулар жогорку тыбыштар катышкан аттарды аташат).

**2. Мугалим табышмак окуйт:**

Үн чыгарып сүйлөбөйт,

Бирок өзү асыл баа.

Аны менен дос болсоң,

Акыл кошот акылга. (китеп)

Окуучулар жандырмагын табышат. Китеп деген сөздөгү үндүүлөрдү, үнсүздөрдү аташат.

Андан кийин карточка боюнча жооптор алынып, ар бири жооп беришет. Окуучулар угуп, каталарын таап, толукташат. <u>*Окуучуларды дем алдыруу:*</u>

Кең талаада кандай кооз.

Көпөлөктүн канаты.

Бир, эки, үч, төрт

Биз да учабыз карачы (ар түрдүү кыймылдар жасап, хор менен айтат)

Мугалим : Кана балдар, ойнойлу.

Таппай күлкү болбойлу.

Биздин тамгалар катышкан сөздөрдү бат ойлойлу.

Классты 3 командага бөлүп,

1. катар к, г тыбыштары,

2. катар ө, ү тыбыштары,

3. катар ж, ң тыбыштары катышкан сөздөрдөн таап, баракчаларга жазышып, көп сөз тапкан команда жеңүүчү болот. Мугалим:

Кубиктерге экиден

Жайгашышты тамгалар,

Ой жүгүртсөң эгерде,

Эч нерсе жок таң калаар

Туура баары жайгашса

Учуп чыгат каргалар. "Каргалар учту"

Карга деген эмне? Билесиңерби?

Эр эмгегин жер жебейт (маанисин түшүндүрүп, эмгекке тарбиялоо).

Окуучу кызыктуу тапшырманы аткарып жатканда, мугалим кийинки тапшырманы доскага даярдайт.

Сага болот чоң ата өз атаңдын атасы.

Ким болот, айтып бер,

Апакеңдин атасы?

Ким дейсиң энесин?

Ким дейсиң агасын?

Байке десең кокустан чоң уятка каласың.

Баарын тактап тааныгын,

Билип алгын аныгын (чоң ата, таята, таяне, таяке, чоң эне ж.б.).

**Сабактын темасы:** Жалаң жана жайылма сүйлөм.

**Сабактын максаты:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучулар жалаң жана жайылма сүйлөмдөр жөнүндө маалымат алышат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү оозеки, жазуу иштеринде туура колдоно алуу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатышат, өз алдынча иштөөлөрүндө колдонушат.

**Тарбия берүүчүлүк:**Окуучулар боорукерликке, байкагычтыкка тарбияланышат.

**Көрсөткүчтөр:**

*Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучу*:

•жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү өздөштүрө алса.

•жалаң жана жайылма сүйлөмдөргө карата тапшырма-көнүгүүлөрдү оозеки, жазуу иштеринде ийгиликтүү колдоно алса.

•боорукерликти, байкагычтыкты үйрөнүп, колдонсо.

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды өздөштүрүү.

**Сабактын формасы:**Интерактивдүү.

**Сабактын методу:** Изилдөө, синквейн.

**Сабакктын жабдылышы:** Таблица. Карточкалар. Флипчарт. Маркер.

**Сабактын жүрүшү:**

**I. Уюштуруу**

**II. Өтүлгөн теманы кайталоо.**

**Суроолор:**

а) Жөнөкөй сүйлөм деген эмне?

б) Татаал сүйлөм деген эмне?

в) Окуучулар арасында өз ара суроо- жоопторду уюштуруу.

**II. Жаңы сабак.**

Ээ менен баяндоочтон турган сүйлөмдү жалаң сүйлөм дейбиз. М: Кыял келди. Баш жана айкындооч мүчөлөрдөн турган сүйлөм жайылма сүйлөм деп аталат. М: Талгат атты сугарды.

Эрежелерди таблица аркылуу түшүндүрүү.

1-Көнүгүү.Тексттен жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү таап, көчүрүп жазгыла.

2- Көнүгүү. Макалдын маанисин чечмелегиле. Кандай сүйлөм экендигин аныктагыла.

Азаматтын жакшысы-

Азыраак сүйлөп, көп тыңшайт.

Аргымактын жакшысы-

Азыраак оттоп, көп жуушайт.

3- көнүгүү. "Ат" темасында синквейн түзгүлө.

**IV. Окуучулардын билимин баалоо.** Окуучуларды өз алдынча, топто иштегендери боюнча баалоо.

**V. Үй тапшырмасы.** 62- көнүгүү. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөргө мисалдарды жазып келүү.

КУРМАНАЛИЕВА Ч.А., МУСАЕВА А.А.

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИН
ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮ
ИШТЕРИНИН ТЕМАЛАРЫ

Педагогикалык колледждин башталгыч класстарда окутуу адистигинде сырттан окуган студенттер үчүн

Тех. редактор: Жакыпова Ч.А.
Компьютерге калыпка салган: Жумашева Ж.Ж.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун
полиграфиялык комплексинде басылды
Заказ 508 Тираж 25.
Тел.: 52696